# ӨЗГӨЧӨ АБАЛ ЖАНА ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛ УЧУРУНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫНДА КАРАЛГАН ЖООПКЕРЧИЛИКТЕР

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИ

***119[1]- берене.** Өзгөчө кырдаал, өзгөчө абал же согуштук абал режиминин талаптарын бузуу*

**Өзгөчө кырдаал режиминин талаптарын бузуу –**
**I КАТЕГОРИЯДАГЫ АЙЫП ПУЛ ТӨЛӨӨ:**
- жашы жетелектер үчүн – 5000ден 15000 сомго чейин,
- башка жеке жактар үчүн – 20000ден 30000 чейин,

**же I КАТЕГОРИЯДАГЫ ЭРКИНДИГИН ЧЕКТӨӨ:**
- жашы жетелектер үчүн – 2 айдан 3 айга чейин,
- башка жеке жактар үчүн – 3 айдан 6 айга чейин

**же I КАТЕГОРИЯДАГЫ КООМДУК ЖУМУШТАРГА ТАРТУУ жазасына алып келет:**
- жашы жетелектер үчүн – 20 сааттан 30 саатка чейин,
- башка жеке жактар үчүн – 30 сааттан 40 саатка чейин.

**Өзгөчө же аскердик абалдын талаптарын бузуу (коменданттык саатты бузууну кошпогондо) –**
**II КАТЕГОРИЯДАГЫ АЙЫП ПУЛ ТӨЛӨӨ:**
- жашы жетелектер үчүн – 15000ден 25000 сомго чейин,
- башка жеке жактар үчүн – 30000ден 60000 сомго чейин;

**же II КАТЕГОРИЯДАГЫ ЭРКИНДИГИН ЧЕКТӨӨ:**
- жашы жетелектер үчүн – 3 айдан 6 айга чейин,
- башка жеке жактар үчүн – 6 айдан 1 жылга чейин;

**же II КАТЕГОРИЯДАГЫ КООМДУК ЖУМУШТАРГА ТАРТУУ жазасына алып келет:**
- жашы жетелектер үчүн – 30 сааттан 40 саатка чейин,
- башка жеке жактар үчүн – 40 сааттан 60 саатка чейин.

***127- берене.** Санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди бузуу*

**Санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди атайылап же абайлабай бузуу, эгерде бул абайлабагандан ден соолукка анча оор эмес зыян келтирсе, –**
белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иши жүргүзүү укугунан ажыратуу менен **II КАТЕГОРИЯДАГЫ АЙЫП ПУЛ түрүндөгү жазага алып келет:**
- жашы жетелектер үчүн – 15 000ден 25 000 сомго чейин,
- башка жеке жактар үчүн – 30 000ден 60 000 сомго чейин.

***127[1]-берене.** Чектөө иш-чараларынын (карантиндин) эрежелеринин талаптарын бузуу*

**Өзгөчө кырдаал режиминин шарттарында чектөө иш-чараларынын (карантиндин) эрежелеринин талаптарын бузуу –**
**I КАТЕГОРИЯДАГЫ АЙЫП ПУЛ түрүндөгү жазага алып келет:**
- жашы жетелектер үчүн – 5000ден 15000 сомго чейин,
- башка жеке жактар үчүн – 20000ден 30000 сомго чейин.

**Өзгөчө кырдаалдын жана аскердик абалдын шарттарында чектөө иш-чаралары-нын (карантиндин) эрежелеринин талаптарын бузуу –**
**II категориядагы АЙЫП ПУЛ түрүндөгү жазага алып келет:**
- жашы жетелектер үчүн – 15000ден 25000 сомго чейин,
- башка жеке жактар үчүн – 30000ден 60000 сомго чейин.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗЫК КОДЕКСИ

***280-берене.** Санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди бузуу*

**Этиятсыздыктан массалык дартка чалдыгууну, адамдардын уулануусун же башка оор зыянды келтирген санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди атайылап же этиятсыз бузуу, –**
**VI КАТЕГОРИЯДАГЫ АЙЫП САЛУУГА:**
- жашы жетелектер үчүн – 120000ден 140000 сомго чейин,
- башка адамдар үчүн – 260000ден 300000 сомго чейин

**же II КАТЕГОРИЯДАГЫ ЭРКИНДИГИНЕН АЖЫРАТУУГА** (2 жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен):
- жашы жетелектер үчүн – 1,6 жылдан 2,6 жылга чейин,
- башка адамдар үчүн – 2,6 жылдан 5 жылга чейин **жазаланат.**

**Өзгөчө кырдаал, өзгөчө абал же согуштук абал режимин киргизүү мезгилинде жасалган, адамдардын массалык дартка чалдыгуусуга жана уулануусуна коркунуч келтирүү менен коштолгон санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди атайылап бузуу, –**

**II КАТЕГОРИЯДАГЫ ЭРКИНДИГИНЕН АЖЫРАТУУГА** жазаланат:
- жашы жетелектер үчүн – 1,6 жылдан 2,6 жылга чейин,
- башка адамдар үчүн – 2,6 жылдан 5 жылга чейин.

***355-берене.** Бийлик өкүлүн коркутуу же ага карата зомбулук*

**Бийлик өкүлүнүн өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруусуна байланыштуу, бийлик өкүлүнө же анын жубайына, жакын туугандарына карата шантаж кылуу же өмүргө жана ден соолукка коркунуч келтирбеген зомбулукту колдоном деп коркутуу, –**
**IV КАТЕГОРИЯДАГЫ ТҮЗӨТҮҮ ЖУМУШТАРЫНА:**
- жашы жетелектер үчүн - 9 айдан 1 жылга чейин,
- башка адамдар үчүн – 2,6 жылдан 3 жылга чейин;

**же V КАТЕГОРИЯДАГЫ АЙЫП САЛУУГА:**
- жашы жетелектер үчүн – 100000ден 120000 сомго чейин,
- башка адамдар үчүн – 220000ден 260000 сомго чейин

**же I КАТЕГОРИЯДАГЫ ЭРКИНДИГИНЕН АЖЫРАТУУГА:**
- жашы жетелектер үчүн – 1,6 жылга чейин,
- башка адамдар үчүн – 2,6 жылга чейин **жазаланат.**

**Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 355-беренесинин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн адамдарга (бийлик өкүлүнүн өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруусуна байланыштуу, бийлик өкүлүнө же анын жубайына, жакын туугандарына) карата өмүргө жана ден соолукка коркунуч келтирбеген зомбулукту колдонуу же өмүргө жана ден соолукка коркунуч келтирген зомбулукту колдоном деп коркутуу, -**
**VI КАТЕГОРИЯДАГЫ АЙЫП САЛУУГА:**
- жашы жетелектер үчүн – 120000ден 140000 сомго чейин,
- башка адамдар үчүн – 180000ден 220 000 сомго чейин

**же II КАТЕГОРИЯДАГЫ ЭРКИНДИГИНЕН АЖЫРАТУУГА:**
- жашы жетелектер үчүн – 1,6 жылдан 2,6 жылга чейин,
- башка адамдар үчүн – 2,6 жылдан 5 жылга чейин жазаланат.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИ

***49[1]-берене.** Дары-дармек каражаттарын жүгүртүү жөнүндө мыйзамдарды бузуу*

**Өзгөчө кырдаал, өзгөчө же согуштук абалдын мезгилинде дары каражаттарын жогорулатылган баалар боюнча сатуу –**
**5-КАТЕГОРИЯДАГЫ АЙЫП ПУЛ салууга алып келет:**
- жеке адамдар үчүн – 10000 сом,
- юридикалык жактар үчүн – 28000 сом..

***82-берене:***

**Коомдук тартипти сактоо милдеттерин өтөп жүргөн ички иштер органдарынын кызматкеринин мыйзамдуу талабына баш ийбөө, –**
**2-КАТЕГОРИЯДАГЫ АЙЫП ПУЛ салууга алып келет:**
- жеке адамдар үчүн – 3000 сом,
- юридикалык жактар үчүн – 13 000 сом.

***82[1]-берене.** Комендanttык сааттын талаптарын (шарттарын) сактабоо*

**Өзгөчө же аскердик абалдын мезгилинде киргизилген комендanttык сааттын убагында атайын берилген өткөрмөлөрсүз жана инсандыгын ырастаган документтерсиз көчөлөрдө жана башка коомдук жерлерде же болбосо турак жайдан тышкары жүрүү, –**
**2-КАТЕГОРИЯДАГЫ АЙЫП ПУЛ салууга алып келет:**
- жеке адамдар үчүн – 3000 сом,
- юридикалык жактар үчүн – 13000 сом

***82[2]-берене.** Өзгөчө кырдаал, өзгөчө же согуштук абал шарттарында укук тартибин бузуу*

**Өзгөчө кырдаал, өзгөчө же согуштук абал жарыяланган аймактарда укук тартибин бузууга багытталган аракеттер, же болбосо анык эмес маалыматтарды жайылтуу жолу менен жасалган коомдук тартипти жана жеке адамдардын тынчтыгын бузган аракеттер, –**
**3-КАТЕГОРИЯДАГЫ АЙЫП ПУЛ салууга алып келет:**
- жеке жактар үчүн – 5500 сом,
- юридикалык жактар үчүн – 17000 сом.

***150-берене.***

**Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы техникалык регламенттердин, санитардык эрежелердин, гигиеналык ченемдердин жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарын бузуу –**
**1-КАТЕГОРИЯДАГЫ АЙЫП ПУЛ салууга алып келет:**
- жеке адамдар үчүн – 1 000 сом,
- юридикалык жактар үчүн – 5 000 сом.

***218-берене.** Бааларды негизсиз жогорулатуу*

**Товарды сатып жатканда таңгагында же товарга чапталган ярлыгында көрсөтүлгөн баалардын өлчөмдөрүн жогорулатуу –**
**1-КАТЕГОРИЯДАГЫ АЙЫП ПУЛ салууга алып келет:**
- жеке адамдар үчүн – 1000 сом,
- юридикалык жактар үчүн – 5000 сом.

**Өзгөчө кырдаал, өзгөчө же согуштук абал шарттарында жасалган, баалары мамлекеттик жөнгө салуу киргизилген тамак-аш азыктарынын бааларынын өлчөмүн негизсиз жогорулатуу –**
**5-КАТЕГОРИЯДАГЫ АЙЫП ПУЛ салууга алып келет:**
- жеке адамдар үчүн – 10000 сом,
- юридикалык жактар үчүн – 28000 сом.

***293-берене.** Ыйгарым укуктуу органдын чечимдерин, аныктамаларын, тескемелерин же талаптарын аткаруу тартибин бузуу*

**Ыйгарым укуктуу органдын мыйзамдуу чечимдерин, аныктамаларын, тескемелерин же талаптарын аткарбай коюу же ойдогудай аткарбоо –**
**2-КАТЕГОРИЯДАГЫ АЙЫП ПУЛ салууга алып келет:**
- жеке адамдар үчүн – 3000 сом,
- юридикалык жактар үчүн – 13 000 сом.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «ӨЗГӨЧӨ АБАЛ ЖӨНҮНДӨ» КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫ

**26-берене**

**Комендanttык саат учурунда жарандарга, анын ичинде чет өлкөлүк дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн кызматчыларына инсандыгын ырастоочу атайын берилген өткөрмөлөрсүз жана документтерсиз көчөдө же башка коомдук жерлерде болууга, ошондой эле өз турак-жайынан тышкары жерде мындай документтерсиз жүрүүгө тыюу салынат.**

**28-берене**

**Ушул Конституциялык мыйзамдын 26-беренесинде каралган тартипти бузууга жол берген адамдар милиция же аскердик патрулдар тарабынан комендanttык саат аяктаганча кармалат, ал эми жанында документтери жоктор ким экени аныкталганча, бирок үч суткадан ашпаган мөөнөткө каралат, кармалгандар жекече тинтүүгө, буюм-тайымдары жана транспорт каражаттары тинтилиши мүмкүн.**

*Маалымат барагы Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун алкагында даярдалды*